**2 тема боюнча тестик тапшырмалар:**

**1.Кыргыз жараны деген ким?**

a) этникалык, диний жана регионалдык таандыгына карабастан Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктарга жана милдеттерге ээ болгон Кыргыз Республикасынн жараны.
b) этникалык, диний жана регионалдык таандыгына карабастан Кыргыз Республикасынынтерриториясында 5 жылдан ашуун жашаган жаран..
c) кыргыз улутундагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктарга жана милдеттерге ээ болгон Кыргыз Республикасынн жараны.
d) ислам дини карманган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктарга жана милдеттерге ээ болгон Кыргыз Республикасынн жараны.

**2. Бул жооптордун кайсы бири Кыргыз жараны концепциясынын принциптерине карама каршы келет?:**

a) Кыргыз Республикасынын бардык бекитилген конституциялык ченемдерин жана мыйзамдарын сактоого багыт алуу;
b) Кыргыз Республикасынын жарандарынын этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө;
c) ыктыярдуулук, көп түрдүүлүктөн четөө , жарандардын укуктары менен милдеттеринин, ар түрдүү көз караштагы ар кандай топтордун ортосунда кыргыз тилин өнүктүрүү;
d) Кыргыз жаранын жана мамлекетти өнүктүрүүгө кызыкдар болгон бардык тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана өнөктөштүгү.

**3.Жооптордун кайсы биринде Концепциянын күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн эмес.**

a) Кыргыз жараны деп өзүн таанууну өнүктүрүү үчүн шарттар камсыздалган, механизмдери иштелип чыккан жана бардык жарандар өздөрүн Кыргыз жараны деп тааныган.
b) Кыргыз Республикасынын жарандары этностук, диний жана башка таандыктыгына карабастан, өлкөнүн коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык турмушуна катышууда (шайлоолорго катышуунун, салык төлөөнүн, жергиликтүү деңгээлде чечимдерди 5 кабыл алуу процесстерине катышуунун өсүшү ж.б.) активдүүлүк көрсөтүүдө.
c) мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик тилди билүүсү үчүн шарттар түзүлгөн.
d) көп тилдүүлүк жана көп түрдүүлүккө жол бербөө.

**4. Кайсы мамлекеттик орган Концепцияны жүзөгө ашырууну координациялайт жана камсыз кылат?**

a) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги;
b) маданият жана коммуникация министрлиги;
c) мамлекеттик тил комиссиясы;
d) мэриялар жана айыл өкмөттөр.

**5.Адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдердиратификациялоо менен бирге Кыргыз Республикасы милдеттердин кайсы түрүн кабыл албайт?**

a) укуктарды сыйлоо;
b) укуктарды коргоо;
c) укуктарды камсыздоо;
d) укуктарды бузуу.